УДК 373.2:37
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-253-258

**САТАРОВА Г.Н.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**САТАРОВА Г.Н.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**SATAROVA G.N**
KNU Jusup Balasagyn

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ, МЕКТЕП ПЕДАГОГИКАСЫ: НЕГИЗГИ ТЕНДЕНЦИЯЛАР ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

## ДОШКОЛЬНОЕ И ШКОЛЬНОЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ: ОСНОВНЫЕ ТЕНДЕНЦИИ И МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ

## PRE-SCHOOL AND SCHOOL PEDAGOGY: MAIN TRENDS AND METHODOLOGICAL FEATURES

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада мектепке чейинки жана мектеп педагогикасынын негизги тенденциялары жана методикалык өзгөчөлүктөрү каралат. Билим берүү системасындагы учурдагы өзгөрүүлөргө байланыштуу жаңы муундардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу, санариптик технологияларды жана инновациялык ыкмаларды колдонуу өзгөчө мааниге ээ. Мектепке чейинки билим берүү моделдери жана мектептеги окутуу процесси активдүү жана интерактивдүү методдорду, анын ичинде флип-класс, көйгөйлүү жагдайларды(problem-solving method)чечүү, долбоордук окутуу ыкмаларын камтыйт. Макалада мугалимдердин ишмердүүлүгүндөгү методикалык өзгөчөлүктөр, инновациялык технологиялардын ролу жана баланын чыгармачылыгын, ойлонуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө арналган жаңы методдорго практикалык сунуштар берилет.

**Аннотация:** В статье рассматриваются основные тенденции и методические особенности дошкольного и школьного образования. В связи с текущими изменениями в образовательной системе особое внимание уделяется учету особенностей нового поколения, использованию цифровых технологий и инновационных методов. Модели дошкольного образования и учебный процесс в школе включают активные и интерактивные методы, такие как flipped-class, решение проблемных ситуаций, проектное обучение. В статье обсуждаются методические особенности деятельности педагогов, роль инновационных технологий и даются практические рекомендации по использованию новых методов для развития творческих способностей и мыслительных навыков детей.

**Abstract:** This article discusses the main trends and methodological features of preschool and school pedagogy. In light of current changes in the educational system, special attention is given to considering the characteristics of the new generation, the use of digital technologies, and innovative methods. Preschool education models and the teaching process in schools include active and interactive methods such as flipped classroom, problem-solving, and project-based learning. The article explores the methodological aspects of teachers' activities, the role of innovative technologies, and provides practical recommendations for using new methods to develop children's creative abilities and cognitive skills.

**Негизги сөздөр:** мектепке чейинки билим берүү; мектеп педагогикасы; флип- класс; көйгөйлүү жагдайларды чечүү; инновациялык технологиялар; методикалык өзгөчөлүктөр; баланын өнүгүшү; мугалимдердин даярдыгы; санариптик ресурстар.

**Ключевые слова:** дошкольное образование; школьная педагогика; флип- класс; решение проблемных ситуаций; инновационные технологии; методические особенности; развитие ребёнка; подготовка педагогов; цифровые ресурсы.

**Keywords:** preschool education; school pedagogy; flipped classroom; problem- solving; innovative technologies; methodological features; child development; teacher training; digital resources.

Бүгүнкү күндө мектепке чейинки жана мектеп педагогикасындагы негизги тенденциялар жана методикалык өзгөчөлүктөр актуалдуу жана зарыл болгон темага айланып турат. Билим берүү системасындагы глобалдык өзгөрүүлөр, жаңы муундардын менталитети, технологиялардын өнүгүшү жана билим берүү ыкмаларынын жаңыланышы, бул

теманын маанилүүлүгүн жогорулатат. Z жана Альфа муундарынын өзгөчөлүктөрү, алардын ой жүгүртүүсү, кызыгуулары жана муктаждыктары педагогикада жаңы мамиле талап кылууда. Бул муундар санариптик технологияларды өздөштүрүүдө башка муундардан айырмаланып, билим алуу процессин жана педагогдор менен байланыштарын башкача кабыл алат.

Ошондуктан, мектепке чейинки жана мектеп педагогикасындагы методикалык өзгөрүүлөр жана жаңы билим берүү технологиялары, мугалимдер үчүн жаңы каражаттарды жана көйгөйлөрдү пайда кылып жатат. Санариптик ресурстарды колдонуу, флип-класс(Flipped classroom) жана көйгөйлүү жагдайларды(problem-solving method) чечүү сыяктуу ыкмаларды колдонуу, азыркы билим берүү системасынын эффективдүүлүгүн жогорулатууда маанилүү роль

ойнойт. Бул ыкмалар мугалимдерге билим берүү процессин кызыктуу, активдүү жана продуктивдүү кылууга жардам берет. Ал эми мугалимдердин жана тарбиячылардын бул жаңы методдорду үйрөнүүсү, билим берүү сапатын жакшыртууга багытталган.

Мындан тышкары, мектепке чейинки билим берүү жана мектеп педагогикасынын маанилүүлүгү мугалимдердин кесиптик даярдыгы менен тыгыз байланыштуу. Мектепке чейинки педагогикада баланын психологиясы, жекече өзгөчөлүктөрү жана муктаждыктары эске алынуусу зарыл. Ошондуктан, тарбиячылар жана мугалимдер билим берүүнүн жаңы ыкмаларына ылайык өздөрүн өнүктүрүү жана жаңы талаптарга жооп берүү үчүн үзгүлтүксүз даярдыкта болушу керек.

Бул изилдөөнүн актуалдуулугу, ошол эле учурда Кыргызстандагы билим берүү системасын заманбап талаптарга ылайык өзгөртүү жана өркүндөтүү максатында мугалимдерге жана тарбиячыларга жаңы педагогикалык методдорду жайылтуу, ошондой эле билим берүү процесстеринде алардын сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатууга багытталат.

Z муунундагы жаштар дүйнөнү кооз сүрөттөр, жаркыраган образдар аркылуу кабыл алышат. Үйгө келгенде тынчсызданып отурган ата-энесин көрөт, ал эми экрандан болсо жагымдуу жана фантастикалык дүйнө көрүнөт. Албетте, бала кайсынысын тандайт? Табигый түрдө көз жоосун алган, эмоционалдуу дүйнөнү. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, сөз аркылуу берилген тарбия адамга болгону 7% гана таасир этет. Эмоция аркылуу – 38%, ал эми визуалдык образ, сүрөт, видео аркылуу – 55% таасир берет. Бул көрсөткүчтөр интернет аркылуу берилген маалыматтын күчүн дагы бир жолу ырастайт. Натыйжада, баланын каармандары ата-энеси эмес, социалдык тармактардагы белгилүү адамдар же компьютердик оюндардагы каармандар болуп калууда. Бул муун цифралык чөйрөдө чоңоюп, маалыматты бат сиңирет, бирок көңүлү бат алаксып кетет. Алардын башкы маалымат булагы – визуалдык контент: видеолор, оюндар жана социалдык тармактар. Ошондуктан аларга жетүүнүн эффективдүү жолу – ошол эле тилде сүйлөө: сүрөттөр, видеолор жана заманбап технологиялар аркылуу. Бүгүнкү жаштар үчүн блогерлер, TikTok же Instagram'дагы каармандар – башкы кумирлер болуп калды**.**

Заманбап ата-эне баласы менен тил табышуу үчүн эмнелерге көңүл бурушу керек? Бүгүнкү күндө ата-эне баласы менен жакын мамиле түзүп, аны түшүнө билүүсү үчүн өзүн үзгүлтүксүз өнүктүрүп турушу керек. Айрыкча технология, психология жана социалдык өзгөрүүлөр тууралуу маалыматтардан кабардар болуу зарыл.

Z мууну — бул маалыматты абдан тез кабыл алган, визуалдык образдар менен ой жүгүрткөн жана санарип дүйнөдө жашаган муун. Эгер ата-эне эски көз караш менен “биздин убакта мындай болчу” деп гана баа берсе, баласы менен

ортосундагы көпүрө урашы мүмкүн. Ошондуктан ата-эне да убакыт менен жарышып, бала менен бир тилде сүйлөшүүнү үйрөнүшү зарыл.

Тарбия — бул бир жолку аракет эмес, жүрөктөн чыккан туруктуу аракет. Баланы түшүнүү үчүн аны угуу, кабыл алуу жана анын дүйнөсүнө кире билүү керек экендигин унутпашыбыз абзел.

Z муун менен мугалим жан тарбиячы кантип иш алып барышы керек? Z мууну менен иш алып баруу үчүн мугалим жана тарбиячы алардын дүйнө таанымын, баалуулуктарын жана ойлонуу ыкмасын терең түшүнүп, урматтоо менен мамиле кылышы керек. Бул муун салттуу билим берүү системасында кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн, анткени бул система 21-кылымдын талаптарына шайкеш келбейт. Мугалим жана тарбиячы ар бир балага өзгөчө мамиле кылып, аларды ойлонуунун жаңы ыкмаларына, чыгармачылыктарына жана жигердүүлүгүнө таянуу керек.

Мугалим жана тарбиячы — бул сабак өтүүчү гана адамдар эмес, алар ар бир балага

өзүн таап, мүмкүнчүлүктөрүн ачууга жардам берүүчү жетекчилер. Окуучулар баа менен эмес, өз эмгеги, чыгармачылыгы жана ой жүгүртүүсү аркылуу бааланат.Тарбиячы жана мугалим ар бир баланын өзгөчөлүктөрүн баалап, алар менен тыгыз байланышта иштеши керек.

Заманбап сабактарда санариптик куралдар, талкуулар, изденүүлөр жана биргелешкен иштер аркылуу балдардын кызыгуусун арттыруу маанилүү. Мугалим жана тарбиячы ар бир баланы өзүнүн уникалдуу дүйнөсүн түшүнүүгө, урматтоого жана колдоого багыттап, ал аркылуу өзүнүн потенциалын ишке ашырууга жардам бериши керек.

Мектепке чейинки жана мектеп педагогикасынын негизги тенденциялары жана методикалык өзгөчөлүктөрү азыркы учурда билим берүү тармагында маанилүү орунду ээлейт. Бүгүнкү күндө педагогикалык процесс технологияларды колдонуу жана индивидуалдуу жакындашуу менен мүнөздөлөт. Мектепке чейинки мекемелерде балага түзүлгөн шарттар, анын кызыгуусу жана тажрыйбасы үчүн айрыкча маанилүү. Мектеп педагогикасында болсо билим берүү процесси интерактивдүү ыкмаларды, оюндарды жана технологияларды пайдаланууну талап кылат. Мектепке чейинки билим берүүдө балдардын социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бөлүнүүдө.

Мектеп педагогикасында болсо, мугалимдер ар бир баланын өзгөчөлүгүн эске алып, алардын жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталат. Технологияларды, интерактивдүү методдорду жана социалдык медиа платформаларды колдонуу билим берүү процессинин заманбап куралдары болуп саналат. Ошондуктан, педагогикада ар түрдүү ыкмаларды колдонуу жана ар бир балага өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык жардам берүү маанилүү. Мектепке чейинки педагогиканын негизги тенденциялары — заманбап билим берүүдөгү өзгөрүүлөр.

Мектепке чейинки билим берүүдө STEAM (илим, технология, инженерия, искусство, математика) – бул бирдиктүү өнүгүү схемасы, жаңы билим берүү технологиясы болуп саналат. Бул методика беш багыттын интеграциялануусун камсыз кылып, балдарды жаңыча ойлонууга жана көп тармактуу билимдерди өздөштүрүүгө үйрөтөт[1, с.6].

STEAM – табигый илимдер, технология, инженерия, искусство жана математика тармактарынын биригишин билдирет. Бул билим берүү схемасы балдарга өз ойлорун эркин билдирүү, чыгармачылык менен көйгөйлөрдү чечүү, технологияларды жана математиканы колдонуу аркылуу тажрыйба алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Ар бир тармак биригип, балдардын комплекстүү ой жүгүртүүсүн жана маселелерге чыгармачылык мамиле жасоону өнүктүрөт.

Бул багыттагы билим берүү мазмуну «3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү “Балалык” программасында» да кеңири чагылдырылган. Программада баланын курагына ылайык өнүгүүсүн камсыздоодо оюн, практикалык иштер, чыгармачылык менен үйрөтүү жана тарбиялоо биринчи орунда турат. Ошондой эле, педагогдордун негизги милдети — баланын жаратылышка болгон кызыгуусун, өз алдынчалуулугун жана изилдөө жөндөмдөрүн колдоо экендиги белгиленет [2].

STEAM билим берүү — табигый илимдер, технология, инженерия, искусство жана математика тармактарынын айкалышын камтыган интеграцияланган ыкма. Ал балдарга жаратылыш кубулуштарын изилдөөгө, эксперимент жүргүзүүгө, себеп-натыйжа байланышын түшүнүүгө жана жаратылыш менен өз ара аракеттенүүгө шарт түзөт. Бул жагдайда Я.А. Коменскийдин: «Бала — бул гүл, ал менен иштөө керек, андан кийин гүлдөйт» — деген ою эске түшөт. Ал баланын инсан катары өсүшү үчүн туура шарттардын жана жаратылыш чөйрөсүнүн маанисин өзгөчө белгилеген. Демек, STEAM багытындагы билим берүү менен табигый чөйрө аркылуу баланын өнүгүүсүн камсыздоо идеясы бири-бирин толуктайт. [3,с.78 ].

Я.А.Коменскийдин бул түшүнүктөрү бүгүнкү күндө да актуалдуу болуп, мектепке чейинки жана баштапкы билим берүүдө балдардын жаратылыш чөйрөсүн туура багыттоо, алардын эмпатиясын, чыгармачылыгын жана өзүн-өзү таануу жөндөмдөрүн өнүктүрүү маселелерин чечүүдө маанилүү роль ойнойт. Ошондой эле, жаңы билим берүү ыкмалары жана инновациялык технологияларды колдонуу баланын өзгөчөлүктөрүнө ылайык билим алуусун камсыз кылып, анын гүлдөй өсүшүнө шарт түзөт.

Санариптик технологиялардын мектепке чейинки билим берүүдө ролу. Санариптик технологиялар — бул мектепке чейинки билим берүүнү жакшыртуу үчүн пайдаланыла турган кеңири куралдар топтому. Бул компьютерлер, планшеттер гана эмес, ошондой

эле ар кандай окутуучу тиркемелер, интерактивдүү такталар, виртуалдык экскурсиялар жана башка санарип ресурстарын камтыйт. Булардын бардыгы салттуу билим берүүдө мүмкүнчүлүктөрдү кенейтүүгө жардам берет.

Санариптик технологияларды балдар бакчаларында колдонуу ар кандай пайдаларды алып келет, алардын негизгиси — балдардын жөндөмдөрүн өнүктүрүү. Интерактивдүү оюндар, окутуучу тиркемелер жана мультимедийдик программалар баланын билим алуусун кызыктуу жана жеткиликтүү кылат. Балдар визуалдык жана аудио материалдар аркылуу маалыматты жеңил кабыл алып, натыйжалуу өздөштүрүүсүнө жардам берет. Санариптик технологиялар балдарга оюн формасында математиканын, тилдин, логиканын жана башка тармактардын негиздерин үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, планшеттер үчүн тиркемелер аркылуу балдар логикалык тапшырмаларды чечип, көңүл буруу жана эс тутумун өнүктүрүшү мүмкүн. Мындан тышкары, билим берүү мекемелеринде мультимедиялык каражаттарды кеңири колдону, бул баланын жаңы маалыматты тез кабыл алуусуна жардам берет.

Санариптик технологиялар балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө да көмөктөшөт: видео сүрөттөр, планшеттерде сүрөт тартуу, анимацияларды түзүү же үн композицияларын жаратуу балдарга өздөрүнүн идеяларын жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Бул аларга элестетүүгө, кыялданууга жана креативдүүлүктү өнүктүрүүгө, ошондой эле мультимедиянын ар кандай түрлөрү менен иштөөнү үйрөтөт.

Графикалык планшеттерди колдонуу менен сүрөт тартуу ыкмасы балдардын көркөм жөндөмдөрүн гана өнүктүрбөстөн, аларды заманбап санарип технологиялар менен тааныштырат, бул болсо келечектеги билим алуусунун негизин түзөт.

Мектепке чейинки билим берүүдө санариптик технологияларды колдонуу педагогдор жана тарбиячылар үчүн бир катар мүмкүнчүлүктөрдү жана артыкчылыктарды жаратат. Заманбап билим берүү технологиялары билим берүү материалдарын даярдоону жеңилдетүүгө, ошондой эле сабактарды балдар үчүн кызыктуу жана ар түрдүү кылууга жардам берет.

Санариптик технологияларды колдонуу педагогдорго билим берүү процессин түрдүү мазмунда жана инновациялык ыкмалар менен уюштурууга шарт түзөт. Мисалы, алар санариптик китептерди, анимациялар жана видеоматериалдарды колдонуп, билим берүүнү интерактивдүү жана визуалдуу кылып жасай алышат. Бул балдарга предметтин теориялык аспекттерин үйрөнүүгө гана эмес, ал маалыматтардын чыныгы жашоодо кандай колдонулуп жатканын түшүнүүгө да жардам берет. Тарбиячылар өздөрү даярдаган окутуучу видеоматериалдар аркылуу балдардын маалыматты жакшы өздөштүрүүсүнө көмөктөшө алышат. Мындан тышкары, педагогдор интернет-ресурстарын пайдаланып, балдарга виртуалдык экскурсияларды же сабакты өткөрүүнүн заманбап формаларын сунуштай алышат. Бул болсо алардын дүйнө таанымын кеңейтип, окууга болгон кызыгуусун арттырат.

Мектеп педагогикасындагы негизги тенденциялар: бүгүнкү күндө мектеп педагогикасындагы маанилүү өзгөрүүлөрдүн бири — *инклюзивдик билим берүүнүн* кеңири жайылышы. Ар бир баланын өзгөчө муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен билим берүү системасы бардыгына ачык жана жеткиликтүү болууга багытталган. Бул мугалимден жогорку деңгээлдеги профессионалдуулукту, сабырдуулукту жана индивидуалдык мамиле жасоону талап кылат [5].

Мугалимдин ролу да өзгөрүп жатат — ал жөн гана маалымат берүүчү эмес, ар бир окуучунун өнүгүүсүнө багыт берүүчү, колдоочу жана шыктандыруучу инсан болушу керек. Заманбап мугалим — бул окуучулардын индивидуалдуулугун таанып кабыл алган, окутуу процессине чыгармачылык мамиле кылган адис.

Инклюзивдик чөйрөдө ар бир бала өзүн коопсуз сезип, өзүн толук ачып, коомдо өз ордун табууга үйрөнүшү абзел.Азыркы мезгилге ылайыктуу билим берүү тармагында акыркы жылдары балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, кызыгуусуна жана заман талабына жараша жаңы методдор кеңири колдонулуп келет. Мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдар үчүн билим берүү ыкмалары айырмаланганы менен, алардын негизги максаты – балага ыңгайлуу шарт түзүү жана аны толук кандуу өнүктүрүү болуп саналат.

Мектепке чейинки куракта балдар көбүнчө ойноо аркылуу үйрөнүшөт. Ошондуктан бул этапта оюн методдору, сенсордук иш-аракеттер, Монтессори методикасы жана STEAM негизиндеги иш-чаралар натыйжалуу болуп эсептелет. Бул

ыкмалар баланын жаратмандыгын, көз карандысыздыгын жана таанып-билүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган. Ошондой эле санариптик технологияларды колдонуу – ар кандай тиркемелер, мультимедия жана интерактивдүү оюндар – баланын көңүлүн буруп, билимди кызыктуу формада берүү үчүн колдонулат.

Ал эми мектеп жашындагы балдарга арналган методдор андан ары татаалдашып, акыл-эс жөндөмдөрүн тереңдетүүгө багытталат. Мында долбоордук окутуу, көйгөйлүү жагдайларды чечүү (problem-solving method), флип-класс (flipped classroom) сыяктуу ыкмалар натыйжалуу. Бул ыкмалар аркылуу окуучу маалыматты өз алдынча издеп, анализдеп, топ менен иштешип жана чыгармачылыкка тартылат. Ошондой эле интерактивдүү сабактар, талкуу, дебат жана санариптик ресурстар менен иштөө – заманбап баланын муктаждыгына жооп берген эффективдүү ыкмалар болуп саналат.

Бүгүнкү күндө мугалим менен тарбиячынын милдети – баланын жеке өзгөчөлүгүн эске алуу менен аны өнүктүрүүгө шарт түзүп берүү. Ошондуктан методдорду тандоодо баланын жаш курагына, кызыгуусуна жана индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл буруу абдан маанилүү экенин унутпашыбыз керек.

Мектепке чейинки жана мектеп педагогикасында акыркы жылдары билим берүүнүн мазмуну, формалары жана ыкмалары олуттуу өзгөрүүгө учурап, заманбап талаптарга жооп берүү багытында өнүгүп жатат. Инклюзивдик билим берүү, санариптик технологияларды колдонуу, флип-класс(Flipped classroom), көйгөйлүү жагдайларды чечүү(problem-solving method) сыяктуу методдор учурда актуалдуу болуп саналат. Окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүн, курактык психологиясын эске алуу, чыгармачылык менен окутуу жана активдүү методдорду колдонуу — бүгүнкү педагогиканын негизги өзгөчөлүгү. Мугалим жана тарбиячы жөн гана билим берүүчү эмес, баланын өнүгүүсүнө дем берүүчү, шыктандыруучу, багыттоочу жана колдоочу инсан.

Заманбап билим берүү процессинде мугалимдер жана тарбиячылар үчүн бир катар практикалык сунуштар бар. Биринчиден, ар бир бала өзүнө гана таандык индивидуалдуу өзгөчөлүктөргө жана кызыгууларга ээ экенин унутпай, сабакты же тарбия ишин ошол өзгөчөлүктөргө ылайык уюштуруу керек. Экинчиден, сабак берүүдө флип-класс(flipped classroom), көйгөйлүү жагдайларды чечүү(problem- solving method), долбоордук окутуу сыяктуу активдүү жана кызыктуу методдорду колдонуу сунушталат. Мындай ыкмалар баланын активдүү катышуусуна, ой жүгүртүүсүнө жана чыгармачылык жөндөмүнүн өнүгүшүнө шарт түзөт. Үчүнчүдөн, окуу процессинде заманбап санариптик ресурстарды кеңири колдонуу зарыл. Интерактивдүү доскалар, мобилдик тиркемелер, видео сабактар жана мультимедиалык каражаттар балдар үчүн сабакты кызыктуу жана жеткиликтүү кылып, билимди терең өздөштүрүүгө көмөктөшөт. Ошондой эле, тарбиячылар жана мугалимдер үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү жолунда иш алып барып, билим берүүдөгү акыркы жаңылыктардан кабардар болуп турушу өтө маанилүү.

Жыйынтыгында, окуучулардын чыгармачылыгын жана логикалык ой жүгүртүү жөндөмүн калыптандыруу билим берүүнүн негизги максаттарынын бири болушу керек. Баланын оюн эркин билдиришине, идеяларын ишке ашыруусуна шарт түзүү — мугалимдин негизги милдеттеринин бири.

Бул тема боюнча келечекте бир катар багыттарда тереңирээк иликтөө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бар. Биринчи багыт — Кыргызстандагы мектепке чейинки жана мектеп билим берүү системасында флип-класс (Flipped classroom), STEAM окутуу моделин киргизүү жана натыйжалуулугун изилдөө. Бул ыкмалардын жергиликтүү шарттарда кандай жыйынтык берери чоң кызыгууну жаратат.

Экинчи багыт — мугалимдер менен тарбиячылардын санариптик көндүмдөрүн өнүктүрүү жана бул жаатта методикалык колдоо көрсөтүү системасын түзүү. Санариптик билим берүү шартында педагогдорго колдоо көрсөтүү — эффективдүү окутуунун негизги факторлорунун бири.

Үчүнчү багыт — инклюзивдик билим берүүнүн ишке ашуусу жана бул жаатта мугалимдерди даярдоонун конкреттүү ыкмаларын иштеп чыгуу. Ар түрдүү мүмкүнчүлүктөргө ээ балдарды бирдиктүү билим берүү чөйрөсүнө кошуу — педагогиканын заманбап милдеттеринин бири.

Мындан тышкары, флип-класс(flipped classroom), көйгөйлүү жагдайларды чечүү(problem-solving method), долбоордук окутуу жана STEAM сыяктуу заманбап ыкмаларды тарбиячылар менен мугалимдерге акысыз үйрөтүү үчүн атайын курстарды жана семинарларды уюштуруу өзгөчө мааниге ээ. Бул иш-чаралар педагогдордун практикалык

жөндөмдөрүн жогорулатып, билим берүү процессин сапаттуу жана заманбап деңгээлге

көтөрүүгө өбөлгө түзөт.

### Колдонулган адабияттар


1. Толобекова, З. Ш. (2022). Актуальность внедрения и развитие STEAM образования в ДОО. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги.
2. 3 төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү “ Балалык” Программасы” Б.: 2017ж.
3. Коменский Я.А. Великая дидактика. — М.: Педагогика, 1982. — 256 с.
4. Зубова, А. Г. (2024). Новые подходы к обучению и воспитанию детей дошкольного возраста. nsportal.ru.
5. Молянова, Т. П. (2021). Дошкольное образование и цифровизация: проблемы и риски. socpedagog13.edurm.ru.
6. Мамбетова, С. (2015). Инклюзивное образование – это внимание, участие и сопереживание к каждому ребенку. kutbilim.kg.
7. Кадырова, Т. (2023). Перспективы и развития дошкольного образования в настоящее время в Кыргызстане. Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова.
8. Мамбеталиев, А. (2024). Сравнительный анализ дошкольного и школьного образования в различных странах: глобальные тенденции и рекомендации для Кыргызстана. Мнения AKИpress.
9. Министерство образования и науки Кыргызской Республики. (2023). Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө мыйзам.


**Рецензент: ф.и.к., доцент Урматова А.Д.**